**АЧЫК КООМ**

# КЫРГЫЗСТАНДА

Апрель 2024

«Сорос-Кыргызстан» фонду Советтер Союзу кулагандан кийин Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенине көп узабай, 1993-жылы түзүлгөн. Жорж Сорос тарабынан түзүлгөн мурдагы СССРдеги башка фонддор сыяктуу эле, «Сорос-Кыргызстан» фонду да мамлекеттин ачык, демократиялык коомго өтүүсүнө колдоо көрсөтүү үчүн иштеген.

Белгилүү жергиликтүү инсандардан жана жарандык активисттерден турган байкоочу кеңеш жетектеген фонд өз ишин билим берүү жана саламаттыкты сактоо системаларын модернизациялоо жана реформалоо процесстерин  колдоодон баштаган. Фонд Кыргызстандагы көптөгөн эл аралык донорлордун арасында өзүнүн ийкемдүүлүгү жана инновациялары менен өзгөчөлөнгөн грант берүүчү уюм катары калыптанды.

Фонд өзүнүн 30 жылдык ишмердүүлүгүнүн ичинде элеттик жамааттарды суу менен камсыз кылуудан тартып, маалыматтарды коргоо мыйзамдарын жакшыртууга чейин ар кандай маселелердин үстүндө иштеп келген. Бул аракеттердин бардыгы “Ачык Коом” фонддорунун пайдубалын түзгөн максаттарга негизделген – адилеттүүлүк, демократиялык башкаруу жана адам укуктарын илгерилетүү.

---

## КЫРГЫЗСТАН: 2022 КАРЖЫЛАРЫ

2022-жылы Кыргызстанга салынган каржынын жалпы көлөмү:

**3,4 млн доллар**

2022-жылы Европа жана Борбордук Азия аймагындагы каржынын жалпы көлөмү:

**154,3 млн доллар**

2022-жылы дүйнө жүзү боюнча жалпы каржы:

**1,3 миллиард доллар**

# КЫРГЫЗСТАН ЖАНА АЧЫК КООМ ФОНДДОРУ ТУУРАЛУУ 9 ФАКТЫ

**1** Фонддун колдоосу менен Кыргызстандын билим берүү системасына, анын ичинде мугалимдердин квалификациясын жогорулатууга, жабдууларды сатып алууга, ошондой эле кыргыз жана өзбек тилдерине окуу китептерин которууга жана басып чыгарууга олуттуу инвестиция тартылган.

**2** COVID-19 пандемиясынын учурунда фонд он миңдеген чалууларга жооп берген жана пандемия аяктагандан кийин акысыз чукул медициналык жардам берүүнү уланткан “118 ыкчам байланыш” ишеним телефону акысыз медициналык консультациялык кызматын түзгөн.

**3** Фонд 1997-жылдан бери 400дөн ашык билим берүү, илимий, медициналык жана медиа мекемелерин интернет менен камсыздоо үчүн оптикалык була кабелдерин тартууга жана жабдууларды орнотууга каражат бөлгөн. Мындан тышкары, фонд мектептерге, бейөкмөт уюмдарга, китепканаларга жана ЖОЖдорго компьютерлерди жана жабдууларды берип, аларды бекер интернет менен камсыз кылган.

**4** Фонд Википедиянын кыргыз тилдүү бөлүмүн кеңейтүү жана Google менен өнөктөштүк аркылуу издөө системасы сунуштаган кыргызча котормолордун сапатын жакшыртуу боюнча жарандык коомдун долбоорлорунун негизги донорлорунун бири болгон

**5** Фонддун Кыргызстанда ачык коомду өнүктүрүүдөгү олуттуу жетишкендиктеринин бири болуп, өкмөттүн жазык сот адилеттигин реформалоо боюнча аракеттерине колдоо көрсөткөнү болду. Бул эл аралык эксперттердин кызматтарын каржылоо, тажрыйба алмашуу иш сапарларын колдоо жана адвокаттар, соттор жана прокурорлор үчүн тренингдерди уюштуруу аркылуу жетишилди.

**6** Фонд көз карандысыз маалымат каражаттарын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү, мамлекеттик органдардын ишинин ачыктыгын камсыз кылуу жана Кыргызстанга «Ачык өкмөт өнөктөштүгү» демилгесин ишке ашырууга көмөк көрсөтүү аркылуу өлкөдөгү демократиялык институттарды бекемдөөгө жардам берген.

**7** Фонддун колдоосу менен Кыргызстан эл аралык эң маанилүү колдонмо болгон “Стамбул протоколун” биринчилерден болуп ишке ашырды. Бул документ кыйноолорду жана катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын башка түрлөрүн натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү үчүн стандарттарды жана көрсөтмөлөрдү аныктайт.

**8** Фонд Кыргызстандын IT секторуна да олуттуу колдоо көрсөттү. Бул программалык камсыздоонун 350дөн ашык адистерин бириктирген Кыргыз программалык камсыздоону жана кызматтарды иштеп чыгуучулардын Ассоциациясынын (КАРПОУ) түзүлүшүнө алып келди. 2023-жылы бул уюмдун катышуучуларынын жылдык жалпы жүгүртүүсү болжол менен 90 миллион АКШ долларын түзүп, Борбор Азия өлкөлөрүнүн арасындагы эң жогорку көрсөткүч болуп чыкты.

**9** Фонд жыйырма жылдан ашык убакыттан бери юридикалык факультеттердин студенттеринин жана алардын профессордук-окутуучулар курамынын аз камсыз болгон кардарларга жарандык талаш-тартыштарды чечүүгө жардам берүү үчүн жергиликтүү юридикалык клиникаларды түзүү демилгесин колдоо аркылуу сот адилеттигине жетүүнү жакшыртууга салымын кошуп келген.